АРДАКТУУ БАКЕН!

Сиздин күлгүндөй өмүрүңүздүн гүлдөгөн элүү жылдыгын Кыргызстан композитордор Союзу чын жүрөктөн куттуктайт!

Сиз театрдын босогосун он төрт жашыңызда аттадыңыз. Андан бери элдин жүрөгүн элжиреткен түркүн мүнөздөгү, ар кыл доордогу эки жүзгө жакын ролду сахнага алып чыктыңыз. Дездемонанын, Айканыштын, Софьянын ролдору элибиздин тубөлүктүү сүйүктүү кенчине айланды. Сиздин кайнаган жаркын талантыңыз ал ролдорду ажарлантты, элдин сүйүктүү персонаждарына айлантты.

Урматтуу Бакен! Сизди кыргыз көрүүчүлөрү киноактриса катары да билишет жана баалашат. Сиз ондогон кинофильмдерде башкы ролдорду ойнодуңуз. Алардын ичинен Салтанат менен Толгонай буткул дүйнөлүк көрүүчүлөрдүн сүйкүмүнө татыктуу болду.

Ардактуу Бакен! Элүү жаш адамдын чыгармачылыгынын толкундап турган кези. Ошондуктан, сиздин мындан ары да чың ден соолукта болуп, албан-албан ийгиликтерге жетишип, кыргыз калкы үчүн ондогон ажарланган сүйүктүү ролдорду жарата берүүңүздү каалайбыз!

КЫРГЫЗСТАН КОМПОЗИТОРЛОР СОЮЗУ.